**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ТОҢ РАЙОНУ**
**БОЛОТ МАМБЕТОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**
**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**БОЛОТА МАМБЕТОВА**

---

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын V сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 15-августу №72** **Төрт-Күл айылы**

**Айыл аймактагы ички чарбалык ирригациялык, дренаждык тутумдарын жана суу чарба курулмаларын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинен Тоң райондук суу тармактар башкармалыгынын карамагына өткөрүп берүү жөнүндө**

---

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө", Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык Болот Мамбетов айыл Өкмөтүнүн айыл чарба жана мал чарбасы боюнча адис А.Мукамбетовдун маалыматын угуп, талкуулап жергиликтүү кеңештин сессиясы **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. "Карды-Жарык", "Көк-Сай", "Мол-Түшүм", "Суал" суу пайдалануучулар ассоциацияларынын жана Жер-Үй айылынын ирригациялык, дренаждык тутумдарын жана суу чарба курулмаларын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинен Тоң райондук суу тармактар башкармалыгынын карамагына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Р.Т.Кылжыровго жүктөлсүн.

**Төрага** **М.Жунушалиев**